# МААЛЫМАТТЫК КАМПАНИЯЛАР ЖАНА ЖАШТАР БИШКЕКТЕГИ АБАНЫН КЗ$_{2.5}$ (PM$_{2.5}$) МЕНЕН БУЛГАНУУСУНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ БОЛОТ

## НЕГИЗГИ МААЛЫМАТТАР




IOM/Kyrgyzstan/2022/ Shailo Dzhekshenbaev

From
the People of Japan

юнисеф
ар бир бала үчүн

# МААЛЫМАТТЫК КАМПАНИЯЛАР ЖАНА ЖАШТАР БИШКЕКТЕГИ АБАНЫН КЗ$_{2.5}$ (PM$_{2.5}$) МЕНЕН БУЛГАНУУСУНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ БОЛОТ – НЕГИЗГИ МААЛЫМАТТАР

**Аудитория:** Өкмөт, жаштар жана укук коргоочу топтор

## Абанын булгануусундагы КЗ$_{2.5}$ (PM$_{2.5}$) заттарынын таасирин азайтуу

Абанын булгануусунун шаар тургундарынын саламаттыгына тийгизген таасирин төмөндөтүү анын таасирин саясий жана социалдык негизде шаардын бардык аймактарында жашагандарга таанытуу аркылуу ишке ашат. Ошондой эле энергия чыгарган тараптардын таза энергия менен элди камсыз кылуудагы атаандаштыгы, энрегоэффективдүүлүктүн ролун арттыруу жана аны каржылоонун максатка ылайык экенин аныктоо абанын сапатын жакшыртат.

## ЮНИСЕФтин абанын булганышы боюнча жакында чыгарган изилдөөсүнөн коомчулуктун жана өкмөттүн маалымдуулугу жөнүндө эмнени билдик?

Үй чарба секторунун абанын булганышынын негизги булагы катары ролу жакында эле аныкталгандыктан, таза жана туруктуу үйдү жылытуу технологияларынын пайдасы жана салыштырмалуу чыгымдары жөнүндө кабардар болбоо абанын булганышын азайтуу үчүн негизги тоскоолдук болуп саналат.


Бул изилдөө төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарды:

- Үй чарбаларынын (кожолуктардын) абанын булганышына кошкон салымынын маанилүүлүгүн билбегендиги
- Тургундар экологиялык таза альтернативдүү жылытуу булактары тууралуу маалымат жетишпей жатканын белгилешти.
- Турак-жайларды жылытууда аз каражат кеткен альтернативдүү жолдордун баасын салыштыра билбегендик.
- Бишкектеги турак-жайларда энергияны үнөмдөөнүн жоктугу
- Энергетика секторунда бааны аныктоо боюнча көп деңгээлдеги структуралардын ролу жана социалдык шарттарга жараша ыңгайлашуу тууралуу маалыматтын жоктугу.
- Көмүр жаккан мештерден баш тартууга шыктандырган каржылык колдоолордун жоктугу.
- Сатып алуудагы тоскоолдуктарды жеңүү үчүн төмөн пайыздык кредиттердин же чакан масштабдагы каржылоо варианттарынын жоктугу

## Коммуникация жана адвокация булганыч абанын ден соолукка тийгизген таасирин азайтууда кандай роль ойнойт?

Абага бөлүнүп чыккан зыяндуу заттардын ден соолукка тийгизген таасирин азайтууда социалдык атайын ченемдерди ишке ашыруу үчүн мыкты иштелип чыккан, заманбап маалымат технологияларын колдонгон коммуникациялык стратегия талап кылынат. Коммуникация үчүн төмөндөгү нерселер зарыл:

- Булганыч аба менен анын ден соолукка тийгизген кесепеттери ортосундагы байланыш тууралуу маалымдуулуктун деңгээлин арттыруу.
- Ишенимдүү маалымат булактарын өнүктүрүү
- Альтернативдик жолдорду ишке ашырган пилоттук долбоорлорду маалымдоо.
- Көмүр жакпаган аймактарды жаратуу тууралуу маалыматтык өнөктүктөр.
- Баа тоскоолдуктарын жеңип чыгууга багытталган каржылык механимздердин мааниси тууралуу маалымат берүү.
- Энергоэффективдүүлүк жана ресурстарды туура пайдалануу, үнөмдөөнүн мааниси тууралуу кабардар кылуу.
- Инвестицияга болгон талап, ушул тапта, азыр кечикпестен чара көрүү зарылдыгы



Featured Photo from the exhibition by artist Shailo Dzhekshenbaev depicting the air pollution from landfills in Kyrgyzstan ©IOM/Kyrgyzstan/2022/ Shailo Dzhekshenbaev

### Булганыч аба менен күрөшүүдө билим берүү кандай роль оношу мүмкүн?

Жергиликтүү кожолуктарга, же үй чарбаларына маалыматты жеткирүүдө билим берүү чечүүчү ролду ойнойт.

- Мектепте окуган балдар айлана чөйрө, ден соолук тууралуу маалымат алып, бул түшүнүктөргө байланыштуу көйгөйлөрдү маалымдуулукту арттырууга активдүү катыша алышат.
- Педагогикалык, билим берүү мекемелери маанилүү роль ойнойт. Себеби, жогорку кесиптик билим алган мугалимдер жергиликтүү үй чарбаларынын мүчөлөрү менен ар дайым байланышта болот, ошондой эле алысы райондордогу мектептерде эмгектенишет.

### Бийлик органдарына жана жаштарга кандай көмөк көрсөтсө болот?

- Булганыч абанын ден соолукка тийгизген таасири боюнча ишенимдүү маалымат жана мыкты тажрыйбалар менен маалымдуулукту жогорулатуу үчүн онлайн аудиовизуалдык ресурстар менен камсыз кылуу.
- Айлана чөйрө тууралуу билим берүүдө белгиленген окуу программаларында колдонуу үчүн агартуучу онлайн ресурстар аркылуу.
- Педагогикалык окутуучу жайларда колдонууга ыңгайлуу агартуучу онлайн ресурстар.
- Жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн деңгээлин жогорулатуу аркылуу далилдөөчү базаны жакшыртуу.
- Маалымдуулукту жогорулатуу жана саясатты иштеп чыгууга жардам берүү үчүн эл аралык жеткиликтүү куралдарды колдонуу (мисалы, WHO CHEST, анын ичинде HEART, CHOICE, BAR-HAP, ABODE ж.б.).
- Абанын сапатына байланыштуу аймактык, университеттик илимий жана инженердик программалар абанын сапатын изилдеген кадрлардын өнүгүүсүнө багытталышы керек.

## КООРДИНАЦИЯНЫН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

### Коммуникациянын координациясы

- Көйгөй тууралуу жалпы түшүнүк алуу үчүн коммуникацияны макулдашуу зарылдыгы.
- Айлана чөйрөнүн абалы боюнча аймактык жаштар саммитин уюштуруу. Бул Жаштар, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттиги түзгөн Жаштар бору аркылуу уюштурулуп, Бишкектеги жаштардын ар түрдүү топторуна демилге болуп бере алат.
- Башка көп тараптуу жана эки тараптуу жаштарды коргоо программалары менен байланышуу аркылуу тармакты кеңейтүү.

### Жеке менчик сектордун катышуусу

- Чакан ишкердикти түзүү үчүн баштапкы каржыны сунуштоо.
- Ишкердик экспертизасы
- Баштапкы инкубаторлор
- Экологиялык «жашыл» өнүгүү боюнча кызматташуу (нетворкинг).

1 https://www.who.int/tools/clean-household-energy-solutions-toolkit

## АБАНЫН БУЛГАНУУСУНА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ БОЮНЧА ЖАШТАР КАТЫША АЛЧУ АЙРЫМ ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

***U-report*** - бул акысыз санарип курал, дүйнөдөгү бардык жаштардын кызматташуусу жана ар түрдүү көйгөйлөрдү талкуулоосуна багытталган. Программа 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен ЮНИСЕФ тарабынан түзүлгөн. Кыргызстан бул программаны ишке ашырган Борбор Азиядагы экинчи өлкө болуп саналат.

***Upshift*** - бул ЮНИСЕФтин алдыңкы программаларынын бири. Коомчулуктардагы көйгөйлөрдү түшүнүп, аныктап жана аны эффективдүү чечүү жолдорун сунуштайт.

***Start-up*** - бул ишкердик маданиятын арттыруу, өспүрүмдөр менен жаштардын коммерциялык жаңы ыкмалар жана жолдорду табуу аркылуу жумуш оруңдары менен камсыз болуусун каржылоого багытталган Upshift программасынан кийинки экинчи баскыч болуп саналат.

***Podium*** - өнөктүктү башкаруу жана адвокациялык тактикасын иштеп чыгуу аркылуу жаштарды социалдык шартын өзгөртүүгө багытталган. Жаштар бул программа менен адвокация аркылуу өз жамааттарынын муктаждыктарын жана укуктарын коргоону үйрөнө алышат.

***Ponder*** - бул семинар медиа сабаттуулукка жана баалуулуктарды аныктоодо берилген маалыматтын ынанымдуулугу, баалуулугу жана кадыр баркына карата сынчыл ой жүгүртүүгө багытталат.

***USAID Демилгелүү жаштар*** – бул долбоор жаштардын өз жамааттарындагы жашоосуна активдүү катышуусун шарттайт. Ошондой эле жашоодогу көндүмдөр, жаңы өнөрлөр, лидерлик сапат, ишкердик менен катар кесиптик өнүгүү аркылуу эмгек базарында өзүнө орун таба билүүгө окутат.

***Жаштар үчүн перспективалар GIZ*** – бул долбоор жаштардын экономикалык жашоого аралашуусу, иш орду менен камсыз болуусун шарттайт. Ошондой эле мамлекеттик мекемелер, министрликтер, жарандык коом жана башка кызыкдар тарапбардын жаштар менен кызматташуусуна шарт түзөт.

***Жакшы нерселердин интернети (IoGT)*** - бул уюлдук веб-сайт, 63 өлкөдө 13 тилдеги контенттерди, маалыматты бири-бирине акысыз берүүнү камтыйт.



Featured Photo from the exhibition by artist Shailo Dzhekshenbaev depicting the air pollution from landfills in Kyrgyzstan
©IOM/Kyrgyzstan/2022/ Shailo Dzhekshenbaev

## ЖАЗУУЛАР ҮЧҮН

## ЖАЗУУЛАР ҮЧҮН

**Ар бир бала үчүн**
Ал ким болсо да.
Кайда гана жашабасын.
Ар бир бала балалыкка татыктуу.
Келечек.
Адилеттүү мүмкүнчүлүк.
Ошондуктан ЮНИСЕФ ошол жерде.
Ар бир бала үчүн.
Күн сайын иштейт.
190дон ашык өлкөдө жана аймактарда.
Кыйын болгон нерсенин баарына жетишүү.
Жардамга эң муктаж болгондорго.
Эң чоң тобокелчиликке кабылышат.
Ошондуктан биз аягына чейин турабыз.

юнисеф
ар бир бала үчүн

БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ)
Чүй пр., 160, 720040
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Телефон: 996 312 611 211 +кошумча

bishkek@unicef.org
www.unicef.org/kyrgyzstan
www.facebook.com/UNICEFKyrgyzstan
www.twitter.com/unicefkg
www.instagram.com/unicefkg

©The United Nations Children’s Fund (UNICEF), февраль, 2024-ж.